УДК 377:37 034

Султантөрөева Ч.М.
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
monoldaevach.@gmail.ru
Мадылканова Г.Ш.
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
monoldaevach.@gmail.ru

ЖАШ МУУНДАРГА АДЕПТИК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН МААНИСИ

Султантөрөева Ч.М.
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
monoldaevach.@gmail.ru
Мадылканова Г.Ш.
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

ЗНАЧЕНИЕ ЭТНОПЕДАГОГИКИ В НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ

Sultantoroyeva Ch.M.
senior lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
Madylkanova G.Sh.
senior lecturer
Head of the Department of General Education for Foreign Languages
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek

THE IMPORTANCE OF THE ETHNO-PEDAGOGICAL IN THE MORAL EDUCATION OF THE YOUNGER GENERATION

Аннотация:

Макалада азыркы коомдо билим алып жаткан орто окуу жайлардын студенттерине педагогика предметин окутуп таанытууда таалим-тарбиялык маанидеги макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү этнопедагогикалык жагдайда чечмелеп маанисин түшүндүрүүнү сунуштайт. Окуучулар этнопедагогикалык багыттагы элдик макалдарды дидактикалык окуу материалдарын ар убак пайдалануу менен кеп маданиятынын ишмердүүлүгүн туура

кабылдоого багыт ала алышат. Ошону менен окуучулар кайсыл убакта, кандай жагдайда тилдин нукура таза кеп өлчөмүн пайдалануу жана тилдин келип чыгыш тарыхындагы улуу муундан келе жаткан макал лакаптардын тарбиялык жана адептик нускасын үйрөнүшөт.

Аннотация:

в статье предлагается интерпретировать и объяснять значение учебных пословиц и крылатых фраз в этнопедагогическом контексте при обучении и ознакомлении с предметом педагогики учащихся общеобразовательных школ, обучающихся в современном обществе.

На правильное восприятие деятельности речевой культуры учащихся можно направить путем постоянного использования этнопедагогических народных пословиц в качестве дидактического учебного материала.

Таким образом, учащиеся учатся использовать подлинное речевое измерение языка в любое время и в любой ситуации, усваивают учебно-нравственный вариант пословиц и прозвищ, идущих от старшего поколения в истории зарождения языка.

Abstract:

the article proposes to interpret and explain the meaning of educational proverbs and catchphrases in the ethno-pedagogical context when teaching and introducing the subject of pedagogy to secondary school students studying in modern society.

Students can be directed to the correct perception of the activities of speech culture through the constant use of ethno pedagogical folk proverbs as didactic educational material.

Thus, students learn to use the true speech dimension of language at any time and in any situation, learn the educational and moral version of proverbs and nicknames coming from the older generation in the history of the birth of the language.

Негизги сөздөр: этнопедагогика, оозеки кеп, жазуу кеп, сөз өстүрүү, элдик макалдар, кеп ишмердүүлүгү, угуу, окуу, сүйлөө, жазуу.

Ключевые слова: этнопедагогика, устная речь, письменная речь, словообразование, народные пословицы, речевая деятельность, аудирование, чтение, говорение, письмо.

Key words: ethno pedagogy, oral speech, written speech, word formation, folk proverbs, speech activity, listening, reading, speaking, writing.

Ар бир адам баласы ар убакта акыйкатты таанып билүүгө куштар. Өзгөчө азыркы өсүп келе жаткан жаш муундар үчүн сөз байлыгы, сөз кудуретинин түп нускасы бул дарыя башаты булак болгон сымал, сөз башаты макал-лакаптар экендигин айныбай таануусу жана алардын уникалдуу жана универсалдуу таберик экендигин билүүсү зарыл [24,25] десек болот. Макал-лакаптарда тарых менен турмуштун изи таасын сакталып, элдин кулк-мүнөзү, ой санаасы, туу туткан дөөлөттөрү шүүдүрүмдүн тамчысындай бажырайып көрүнүп тураарын айтат биздин замандын этнопедагогу Сабыр Иптаров өзүнүн «Кыргыз жан дүйнөсү» [24,25] китебинде.

Макал-нак акыл, Ылакап-ылайык кеп. Макал көбүнчө акылга басым жасаса, ылакап эске таянат. Ошондуктан, акыл-эс сыяктуу макал-ылакап да чогуу айтылат. Макал турмуш көрүнүштөрүнө, адам сапаттарынан акыйкат бүтүм чыгарып, айкын, так туюнтуп ыргактуу, уйкалышып айтылса (Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт), ылакап кайсы окуядан сабак алуу өңүттө айтылат, Мисалы: “Көкөтөйдүн ашы көп чырдын башы”. Лакаптарда нуска,таалимбарМисалы: “Көп жойлоп капканга түшкөн түлкүчө”. Кээде адамдардын жүрүм-турум мүнөздөрүндөгү, турмушта көп учураган күлкүлүү, адаттан тыш көрүнүштөр лакап болуп айтылып калат.

Мисалы: “Боёкчу боёкчу десе сакалын кошо боёптур”. “Устанын тогоосу жок”. “Алпагай кызга салпагай күйөө” ж. б. Элдик эпос, жомоктордогу, же жай турмуштагы калкка аябай алынып кеткен кызыктуу окуялар, каармандардын кулк-мүнөзү лакапка айланып кетет. (Тазбайматтай болуп...)

Макал-лакаптардын улуттук-маданий семантикасы дүйнө танытуучулук, таалим-тарбиялык, тилди жатыктыруучулук ж.б. маанилерге ээ. Макал-лакаптар – адамдардын көп жылдардан бери келе жаткан философиялык ой корутундуларын жыйынтыктап, алардын турмуш тажрыйбаларынын негизинен алынган, рифмалашкан жана ритмдешкен бир же бир нече сүйлөмдө ойду бүтүрө айткан, тарбиялоо максатында колдонулган фольклордук чыгармалар. “Адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы” болгон макалдар дээрлик дүйнөнүн бардык элине таандык болуп саналат, а түгүл айрым макалдардын мааниси окшош келет. (Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, - Б.: 2004) Мисалы : Мисалы: , “Темир устанын чайыр кесе турган бычагы жок” (вьетнам), “Желпигич сатчу колу менен желпинет” (кытай), “Боёкчунун шымы боёлбойт” (жапон), “Карапачынын үйүндө бүтүн идиш жок” (афган), “Кайышчынын камчысы жок” (адыгей),

“Устанын тогоосу жок” (кыргыз). Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат.

• Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң.

• Ынтымак бар жерде - ырыс бар.

• Ырыс алды ынтымак.

• Алтооң ала болсоң, алдыңдагыны алдырасың, Төртөөң төп болсоң, төбөдөгү жылдызды аласың.

• Кеңешип кескен бармак оорубайт.

• Ийри отуруп түз кеңеш.

• Жети өлчөп бир кес.

• Сабырдын түбү сары алтын.

• Жаман айтпай жакшы жок.

• Аш улуудан, оюн кичүүдөн.

• Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, Жамандыктан кубалап адаштыр.Макалдар элдин турмуш тажрыйбасынан улам чыкканын, алардын жалпы нравалык функциясы бирдей экенин мына ушундан да байкоого болот. Макалдар фольклордук тексттерде жана бардык эле акын-жазуучулардын чыгармаларында кеңири учурайт жана адам турмушунун бүткүл көрүнүштөрүн өзүнө тема кылып алат. Макал чыгыш тарыхы адам ойлоосу калыптанып, сезим-туюму жетилген эң байыркы доорлорго барып такалат. 9-кылымда жашаган Махмуд Кашкаринин үч томдон турган “Түрк сөздөр жыйнагында” “Куру кашык оозго жакпас, Куру сөз кулакка жакпас”, “Ач көз карыны тойсо да өзү тойбойт”, “Карга карасын ким билер, киши аласын ким табар”, “Өзүң кылчу ишиңди башкаларга жүктөбө”.

Эл тарабынан тарбия таалимдин адеп кодекси болгон макалдар элдин рухий табылгаларын, жашоо эрежелерин кыска, нуска аныктап, жөнөкөй сөздөр менен көпчүлүкө элге таратылып, эл арасында ооздон-оозго оозеки сакталып келген. Макалдар элдин жашоосуна маңыз, келечегине максат, өзөгүндө көркөмдүк менен , уккулуктуулугу,жугумдуулугу менен жашап келген. Макал-лакаптарда камтылбаган турмуштун эч бир тарабы жок. Макалдар адамдын улуттук, курактык , турмуштагы ээлеген ордунун өзгөчөлүктөрүнө эле эмес, адамдык бийик акыл эстин чең-өлчөмүн аныктап, тажрыйбада сынап, калыс тыянак чыгарат. Мисалы: “Сарт сарай айлангыча”, “ Жаш келсе

ишке, кары келсе ашка", " Какайганга какайгын башың көккө тийгиче, эңкейгенге эңкейгин башың жерге тийгиче", "Адамдан акыл качып кутулбайт". "Айла алтоо болсо, акыл жетөө"," Акылдуу байкап сүйлөйт, акылсыз чайкап сүйлөйт"

Албетте, ар бир макал-ылакап-адам акылынын туундусу. Ыр саптары, түрмөгү, бир шилтеми макалга, ылакапка айланып кеткен адамдар- өлбөс-өчпөс адамдар. «Канткенде адам уулу адам болот?» (Ч.Айтматов)деген соболго элибиздин акылынан калчанып чыккан сабырдуулугун көрөңгүсүнөн орун алган «Адам болуу аста-аста» деген макалы жооп берип тургансыйт.

Ушундай эле өңүттө айтылган сөз берметтерине кайрылып жаштардын акыл эсине сала турган аздектеп аярлап алчу казынабызга кайрылсак «Ийри олтуруп түз кенешели» ачууга алдырып же андабай иш кылба «Жети өлчөп, бир кес» десе, балдарга берген тарбиянын таасирдүү болушуна карата «Кылганың мен үчүн болсо үйрөнгөнүң өзүн үчүн» деп болочок турмушуна карата кеп чыйырын салып жатат, ал эми уйгө жаңы келинге кылган мамилесин жөндөгөн «Келинге тарткан көшөгө, көгөрө бербейт өзү эле», «Келин жаман эмес, келиндин келген жери жаман», "Келиндин келген жылкысы эсинен кетпейт" деген асыл макал-ылакаптарыбыз кылымдар бою кыргыздардын тарбиянын туруктуу туткасын бекем кармап келишкендигинин далили.

Өзүбүзгө да өзгөчө да чын эле кыргыз эли тетик, сөз баккан, өткөнүн урматтаган эл экенин тастыктап келишет

Ааламдашуу доорунда ар бир эл өз нарк-сөөлөтүн өксүтпөй сактап калышы үчүн, оболу, өзүнүн барк-дөөлөттөрүн терең аңдап таанып, алардын жаралуу жана калыптануу жолунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн кылдат өздөштүрүп, алардын өрүштүү көрүнүштөрүн күнүмдүк жашоо-турмушунда кеңири колдоно билиши зарыл. Мында адептик асыл-нарктардын тарыхын жана табиятын маданий өңүттө таанып билүүгө бөтөнчө орун таандык.

Адатта, тарыхый өңүттө алганда, тигил же бул дөөлөттүн жаралышы комдук талап менен аныкталат. Андыктан, элдин адептик дөөлөттөрдү жаратуу, өздөштүрүү, жайылтуу жана сактоо "өңдүрүшү" катары комплекстүү карашыбыз керек.

Кыргыз эли өзүнүн сан кылымдык тарыхында ушундай адеп жөнүндө байланыштуу не бир көз кайкыган көрөңгү үлгүлөрдү жаратып, сактап, өнүктүрүп-өрчүтүп, укумдан-тукумга калтырып келген. Арийне адам басынын эң абалкы адептик мүдөөсүнүн бири-өз тукумун улап, аны калкалап сактоо болсо, соңу келип ар бир адамдын өзүнөн-өзүн жаратуусу, этадан балага, энеден кызга, улуудан кичүүгө адамча жашоонун өрнөгүн таалимдеп калтыруу маанилүү болгон. Коомдун өрчүп-өнүгүшү менен элдин адептик байманасы да төркүнүн, түпкү сырын ачык биле бербейбиз. Ошентсе да, алар эл ичинде

кеңири сакталып, адамдын адам болушуна астейил кызмат аткарып келе жаткан элдик ооз нускаларды пайдаланып келебиз.

Элдик рухий-адептик, патриоттук нарк-дөөлөттөрдү жана жалпы адамзаттык адеп-ахлак кенчтерди өздөштүрүү максатында билим берүү мекеме-уюмдарында Республикалык, областтык, жергиликтүү масштабда фестивалдарды. семинарларды, жумалыктарды, тегерек кароолорду, конкурстарды, столдорду. декадаларды конференцияларды көргөзмөлөрдү, мелдештерди, ийримдерди концерттерди, кечелерди, майрамдарды ж. б. иш-чараларды туруктуу уюштуруп, өткөрүп турууну салтка айландырып туруу зарыл.

- Ар бир мектепте ошол айылдын чөлкөмдүн, өрөөндүн тарыхын, улуу адамдардын өмүр жолун, жергиликтүү табияттын бөтөнчөлүгүн, жан- жаныбарларын ж.б. таанып-билүүгө

багытталган музейлерди түзүү жана аларды тарбиялык багытта натыйжалуу пайдалануу уюштуруу;

-Улуттук руханий нарк-дөөлөттөрүбүз, материалдык маданиятыбыз тарыхыбыз жөнүндө жаштар үчүн илимий-популярдуу басылмаларды үзгүлүтүксүз чыгаруу, кинотасмаларды, мультфильмдерди тартуу, улуттук жана жалпы адамзаттык адеп-ахлак кенчтерин басма сөз, телерадио аркылуу кеңири пропагандалоо, бөбектөр үчүн сүрөттүү жомок китептерин чыгаруу, аларды кенен жайылтуу;

-Телеберүүлөрдүн, компьютердик программаларды гумандуулуктун, маданияттын, адептүүлүктүн негизинде оң багытка буруу;

- Мектеп окуучуларынын "Манас", "Семетей", "Сейтек" сыяктуу өзүн-өзү башкаруу уюмдарын өнүктүрүү;

- Класстан тышкаркы, аудиториядан тышкаркы, мектептен тышкаркы тарбия иштерин активдештирүү;

- Баланын тарбиясы үчүн ата-энелердин жоопкерчилигин көтөрүү, алардын тарбия чеберчилигин, педагогикалык сабатын жогорулатуу үчүн жер- жерлерде окуу-тарбия мекемелеринде окутууларды, практикалык семинарларды уюштуруу;

- Рухий-адептик, этнопедагогикалык өңүттөгү тарбия боюнча уй-було китепканаларын уюштуруу;

- Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамды турмушка ашырууну билим берүү мекеме-уюмдарында активдештирүү;

- Мектептердеги класстык тарбия сааттарынын мазмунун рухий-адептик маданияттын жана элдик педагогиканын духунда терендетүү;

- Мектептеги жана жогорку окуу жайларындагы бардык окуу предметтеринин тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн эффективдүү пайдалануу;

- Бардык билим берүү мекеме-уюмдарында «Мамлекеттик тил” күнүн, “Нооруз” майрамын, «Мамлекеттик көз карандысыздык» күнүн, “Карылар» кунун, «9-май Жеңиш майрамын» ж.б. белгилуу даталарды - белгилөөнүн тарбия берүүчүлүк мазмунун арттырууга маани берүү;

- Мектептерде жана жогорку окуу жайларында "Манас" эпосун окутуунун материалдык окуу-педагогикалык базасын чыңдоо;

“Атан барда эл тааны, атын барда жер тааны» деп, ата-бабаларыбыз абалган эле адамды эли жерин, адеп-салтын, тарых таржымакалын терең таанып билүүгө нускалап келишкен. Бул талап бүгүн да өз салмагын, күчүн жоготпой, тескерисинче, коомдук, жекече, илимий, окутуу тарбиялоо чөйрөсүндө улам-улам олуттуу мааниге ээ болуп келүүдө. Кыргыз элинин рухий, алеп-ахлактык маданий мурасы катары макал-лакаптарынын тематикалары өтө мазмундуу жана бай. Мисалы, бир эле эмгек темасын алып карап көрөлүк: о Эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу, о Эмгек бар жерде өнмөк бар, о Эл эмгегин жер жебейт, о Жаздын бир күнү бир жылга тете, 4.

Замандын төө өркөч сымал стабилдүү эмес өзгөрүп туруусу азыркы доордо тамыры тереңге сиңген улуттук нарк-дөөлөттөр, адамды жана анын акыл-эсин, адеп-ыйманын алдынкы планга койгон этнопедагогикалык асыл нарк гана турмуштук туура тарбияны бере алышы мүмкүн.

Өзгөрүү өзүн көрүүдөн башталат дегендей ар бир адам коомдук руханий өзгөрүүнүн башатын өз тарых таржымакалынан, өз байманасындагы баалуулуктардан, татыктуу табериктерден терең андап таанып-билүүдөн башталат деген асыл ойдун ээси этнопедагог

Сабыр Иптаров руханий- көркөм дөөлөттөрдү адептик акыл-ой менен таанып билуу менен аны терен иликтеп, изилдеп, колдонуп, жайылтып жүрүүбүз үчүн «каруусун казык, кара башын токмок» кылган.

Дегеле элдик тарбияны жайылтуу же таанып үйрөнүүнүн **тарбиялык массалык формасы**: тарбия жумалыгы, тарбия он күндүгү (декадасы), окурмандардын конференциясы, тематикалык кечелер, суроо-жооп кечелери, кароолор, конкурстар, олимпиадалар, туристтик жүрүштөр, фестивалдар, көргөзмөлөр, өмүрү өрнөк адамдар менен кызыктуу жолугушуулар, тарбия оюндары ж.б. өткөрүү;

Тарбиянын жекече (индивидуалдуу) формасы: жекече китеп окууну. жекече бош убактыны туура пайдалуу өткөрүүнү, баланын өзүн-өзү тарбиялоосун, кызыккан оюнун уюштуруу ж.б.

Мындай шарттарды колдош үчүн коомдогу бардык билим берүү мекеме-уюмдары, бардык тарбия институттары, үй-бүлө, бала бакча, мектеп, айыл окмоту таалим-тарбиялык максатта өз ара тыгыз байланышта иштөөсү зарыл.

Биринчи иретте нарк-дөөлөттөрдү мектептердеги, атайын орто жана жогорку окуу жайларындагы кыргыз тили, кыргыз адабияты, тарых, философия, маданияттаануу, манастаануу, музыка, педагогика ж.б. гуманитардык предметтердин программаларына, окуу китептерине, окуу колдонмолоруна терен сиңирүү, сапатын көтөрүү кажет.

Көрсөтүлгөн мазмунду реализациялоодо табигый предметтердин да мүмкүнчүлүгү чоң экендиги эске алынууга тийиш. Мектептеги эмгекке үйрөтүү сабактарында, Жогорку окуу жайларынын маданият бөлүмдөрүндө да атайын улуттук этнографиялык жасалгаларды, элдик кол өнөрчүлүктү: устачылыкты, жыгаччылыкты, зергерчиликти, узчулукту, оймочулукту, саймачылыкты үйрөтүүнү жолго коюу;

Билим берүү мекеме-уюмдарында өз ара “Ыр кеселерди», “Сармерден”, “Төкмөлөр келсе төр бошот”, “Миң кыял” сыяктуу фольклордук кароо сынак , фестивалдарды уюштурууну практикалоо жана аны салтка айландыруу;

Ички иштер министрлиги менен Билим берүү жана илим министрлигинин тарбия максатындагы тыгыз кызматташтыгын жолго коюу.

Чынын айтыш керек, “Куттуу эл” биринчи улуттук форумунун өтүшү өтө маанилүү жана кубанычтуу окуялардын бири болду. Ушуну менен улуттубуздун келечек тагдырын ачык-айкын талкуулай турган дагы бир жалпы элдик аянтча түзүлдү десек болот. “Беш манжа бөлөк – билек бир, Беш адам бөлөк – тилек бир” дейт, анысы кандай, биздин билегибиз дагы, тилегибиз дагы бир кишилерденбиз.

Жалпы улуттук деңгээлдеги “Куттуу эл” форумунун Ош жергесинде өтүп жатышы бекеринен эмес. Ал барга-жокко түтүмдүү, бири-бирине күйүмдүү, көп улуттун өкүлдөрүнөн турган калкы менен айырмаланат. 500 миңден ашуун калкы, 3000 жылдан ашуун тарых-таржымалы, Сулайман тоодой байыркы ыйык жайы, Ак-Буурадай агымы артык дарыясы бар Ош шаары – Кыргызстандын түштүк борбору.

Ош шаары байыртан эле дүйнөлүк карым-катынаштын күрөө тамыры болуп саналган Улуу Жибек Жолунун боюнда жайгашкан. Бир сөз менен айтканда, Кыргызстандын түштүк борборун Борбордук Азиянын жүрөк толтосу десек эч жаңылбайбыз. Ошону менен бирге, Ош шаары 2019-жылы ТҮРКСОЙ уюмунун чечими менен Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору катары жарыяланган.

Азыр дүйнө тынч эмес, ал кескин өзгөрүп жатат. Мындай карама-каршылыктардын көбү байыртан келаткан руханий баалуулуктарга маани берилбей калганынан, таалим-

тарбиянын солгундап кеткенинен, адеп-актык мамилелердин бузулганынан, адамдык нарк-насилдин төмөндөгөнүнөн улам келип чыгат. Адамзаттын түбөлүктүү баалуулуктары күнүмдүк материалдык кызыкчылыктардын көлөкөсүндө калды, улам четке сүрүлүп барат.

Албетте, жарандарыбыздын жандүйнөсүндө келечекке карата илгери үмүтү менен кошо, айрым күнөм саноолор, күмөндүү суроолор, күйпөлөк ойлор да жаралбай койбойт. Анткени, жарандардын күнүмдүк күтүүлөрү жашаган коомдук чөйрөсүнө, койгон максаттарына жараша калыптанат. Ошондон улам, жаран мамлекеттен тигиндей же мындай аракеттерди күтө турганы – мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Ал эми биримдикти, ырашкерликти туу туткан, өз мамлекетине ишеним арткан элибиз мамлекеттен акыйкаттыкты, коргоону, коопсуздукту, аяр мамилени күтөт, алар аткарылбаса – талап кылат. Бул – өз ара тутумдаш нерсе, акыйкат талап! Жаран коомдон тышкары жашай албайт. Мамлекет дагы коомдун алакасысыз жашай албайт. Баардык жактар муну эстен чыгарбашы керек.

Нарк-насил, руханий баалуулуктар жөнүндө. Президентибиз Садыр Жапаров бекеринен өзүнүн мамлекет башчысы катары эң алгачкы кадамын “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” жарлыгын кабыл алуудан баштаган жок. Ал киши дүйнөлүк тендециянын, анын ичинде кыргыз коомчулугунун канчалык деңгээлде деградацияга учурап жатканын астыртан баамдаган чыгар.

Өөдүк-сөөдүк сүйлөнгөндөн башкага жарабаган, эзели кургак сөз менен куру убададан арыла албаган, өз алдынча акыл тегеретип оюн ачык айта албаган чабал адамдар менен өнүккөн өлкөнү куруу мүмкүн эмес. Кыргызстандын бакубат келечеги – дени сак, акылы тунук, ак-караны ажырата билген, ар-намыстуу жана кайраттуу жарандардын колунда.

Биз буга чейин чачкын жана чаржайыт болуп келген улуттук идеологиябызды ордуна коюу аракетин жасап жатабыз. Башкы максат –

Кыргызстандын аймактык бүтүндүгүн сактоо, коомдун жашоо-турмушун турукташтыруу, өлкө коопсуздугун камсыз кылуу, өлкө экономикасын ар тараптуу өнүктүрүү, калк турмушун жакшыртуу, ошондой эле илим-билимдүү, таалим-тарбиялуу, дени сак муундун өкүлдөрүн өстүрүү.

Тарыхчы катары Сүйүнбек Касмамбетов агабыз, улутту улут кылган, улут учугун узартып, улут наркын арттырган үч нерсе бар: Тарых!.. Тил!.. Маданият!.. деп айтып келгени бар. Ата бабаларыбыздын салт санаалары , тарых таржымалы илгертеден муундан муунга таберик катары берилипп келе жатканы келечек муундун жашоосуна сөзсүз өз таасирин тийгизет. Ата-баба салтын тутпаган, наркын күтпөгөн адам баласынын арышы да кыска, келечеги да бүдөмүк болору анык. Ооба, ар бир баланы тили чыгып там туң басып калган курагынан баштап, нарк насилди акыл сезимине киргизүү үчүн бала бакчадагы тарбияны түптөшүбүз керек. Комуз күүлөрүн угузуп, жомоктордогу каармандай боюнча эс тутумун калыптандырууга негиз салууга кадам ташташыбыз керек.

«Устаранын мизинде оодарылган дүнүйө» деп Арстанбек акын айтмакчы, азыр дүйнө өзгөрүп жатат, биз дагы жакшы жагына өзгөрүшүбүз керек, ансыз болбойт. Биздин алдыбызда эң опурталдуу төрт коркунуч турат: босогодо сагалап турган дүйнөлүк климаттын кескин өзгөрүшү, экологиялык кырсыктар, техногендик капсаландар. Ал келечекте адам баласы жашайбы же жашабайбы деген маселе кабыргасынан коюлуп турган кез. Мындай татаал кырдаал адам баласынын ички руху, ак дили жана тилинин касиети ,таза ойдун жардамы менен каршылык көрсөтө ала турган мүмкүнчүлүк тузүлмөк.

Дүйнөдө тарыхый таржымалы биздикинен да кыйла узак элдер бар, бирок 30 кылымдан ашуун “кыргыз” сындуу өзүнүн көөнө атын сактап келген калк чанда, жокко эсе десек да болот. Андан бери дүйнөдө канчалаган ири империялар кыйрады, канчалаган элдин мамлекеттүүлүгү жоюлуп, өзүнүн улуттук иденттүүлүгүн жоготту, эне тили өлүү тилге айланды. Азыркыдай аламдашуу доорунда кыргыз сындуу чакан калкты анын кесепетинен улуттук эстутум гана сактай алат. Тил жоголбой, өркүндөп-өсүп кетиши үчүн ал тилде 100 миңден кем эмес адам сүйлөш керек дешет.

Эгер улут өз эне тилинде сүйлөбөсө, аны өнүктүрүп, жайылтууга аракет жасабаса, анда тил жоголуп кетиши толук ыктымал. Жер бетинде канаттуу, жаныбарларга караганда тил тезирээк жоголууга дуушар болуп жаткандыгын британиялык Independent гезити жазып чыккан. "Дүйнөдө тилдер ушунчалык тездик менен жоголуп бара жатат. Кызыл китептеги дүйнөдөгү тилдердин 40 пайызы жер бетинен жоголуу коркунучунда" — деп айтылат бул гезиттеги макалада.

2022-жылдын 21-майында Президент Садыр Жапаров элибиз көптөн күткөн “Улуттук нарк жөнүндө” жарлыгына кол койгону азыркы доорго, улуттук наркты көторүүчү жаштарды тарбиялоого карата негизги таяныч болууда.

Улуттук нарк адамзаттын руханий казынасынын кайталангыс табылгасы болуп саналат-дет мамлекеттик катчы С. Касмалиев. Ал улуттук-этникалык маданияттардын көп түрдүү биримдигинен түзүлөт. Жаратылыштагы биоартүрдүүлүк сыяктуу эле адамзат коомундагы социомаданий ар түрдүүлүк да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондон улам, ал жалпы адамзаттык баалуулуктардын катарына кирип, этностор ортосундагы ынтымакты шитерүүчү күчкө ээ.

Улуттук нарк кылымдар бою мезгил сынынан өтүп, заман талабына жараша улам толукталып, улам бекемделип жүрүп отурган. Тээ Манас атанын доорунда эле жаралып, азыркы учурга чейин өз маанисин жоготпой келаткан “Кан бийлигинен эл наркы күчтүү”, “Эрден өтмөк бар – элден өтмөк жок” деген өңдүү накыл сөздөр улуттук нарк-насилдин таасири эң жогорку деңгээлге чейин көтөрүлгөнүн көрсөтүп турат.

Дүйнөлүк аргандай чакырыктар баш көтөрүп, көптөгөн экологиялык жана техногендик коркунучтар күч алган азыркы заманда кыргыз эли дүйнөлүк ааламдашуу агымына өз жүзүн жоготпой, нукура улуттук салт-санаасы, улуттук нарк-насили, ата-баба тебериги менен кошулууга тийиш. Ансыз көптөгөн асыл нерселерибизден ажырап калган болбобуз.

Азыркы учурда маданият жаатында көйгөйлөр көп. Адам баласынын калыптанып калган баалуулуктарынын, ички ынанымдарынын, жүрүм-турум жол-жоболорунун турукташкан тутуму маданият болуп саналат. Маданияттын деградацияланышы адамдын же адамдар тобунун, же болбосо кайсы бир коомчулук катмарынын сергек ой жүгүртүү жөндөмүнүн бузулушуна алып келет.

Маданият адам баласынын өз кертбашына, жеке көз карашына карата ынанымын, адамдын башка адамдар менен болгон мамилесин, адамдын коомчулук арасындагы ордун аныктайт. Ошентип, саясий маданият мамлекеттик идеологиянын да, улуттук идеологиянын да ажырагыс бир бөлүгү болуп саналат.

Кыргыз эли – жалпы адамзаттын, дүйнөлүк цивилизациянын ажыргыс бир бөлүгү, андан четте калууга акыбыз жок. Биз жалпы адамзат дүйнөсүнө нечендеген кылымдардын сыноосунан тайгылбай өткөн улуттук өзгөчөлүгбүздү, ата-бабабыздын нарт-насилин, улуттук салт-санаабызды, маданий жана руханий баалуулуктарыбызды сактоо менен кирип, өзүбүздүн татыктуу ордубузду табууга тийишпиз.

Маселен, илгертен “Кой кокуй, эл укса эмне дейт” деп, элдик пикирден сестенип, өзүбүздү аргандай жоболоңдуу жорук-жосундан алыс кармап келгенбиз. Азыр аныбыз керкакшык менен кекерлүү сүйлөгөн айрым бир немелердин “Андан көрө эл эмне дейт дебей, эл эмне жейт дебейби. Элдин эмне иши бар, эмне десе десе ошо дей берсин, эмне жесе ошону жей берсин” дегендей наадан уят шакабасына айланып баратат. Этнопедагогиканын бир бутагында уул-кызды тарбиялоодо “Кызга кырк үйдөн тыюу” деп айыл ичиндеги сакалдуу адамдар уул кыздарыбыздын туура эмес кылыктарын айтып эскертип тыйып коюшаар эле

Билими бар миңди жыгат, билими жок кимди жыгат? Кезинде улуу ойчулдардын бирөөсү минтип айткан экен: «Өлкөң бай болуп, элиң билимсиз болсо – жаман. Өлкөң бай болуп, элиң билимдүү болсо – жакшы. Өлкөң жарды болуп, элиң билимдүү болсо – ага деле чыдоого болот. Ал эми өлкөң жарды болуп, элиңда билимсиз болсо – андан өткөн кордук жок!». Калетсиз сөз. Ар бир кыргыз жараны жеке өзүнүн акыл-парасат деңгээлин көтөрүү аракетин жасашы керек.

Дагы бир мисал. Түштүк Африканын эң ири окуу жайларынын бири Стелленбосс университетинин кире беришиндеги тактада минтип жазылган экен: ***«Тигил же бул улутту жок кылуу үчүн атом бомбасы менен сокку уруунун деле кажети жок. Болгону, билим берүүнүн сапатын жоготуу эле жетиштүү. Дал ушундай жол менен окууну бүткөн дарыгерлердин колунан бейтаптар ажал табат. Дал ушундай инженерлер курган имараттар кыйроого учурайт. Дал ушундай экономисттердин айынан элде жокчулук болот. Дал ушундай соттордун (судьялардын) аркасынан адилеттик болбой элдин тагдыры кыйын кезенге кабылат. Ошентип, билим берүү тармагынын кыйрашы – улуттун кыйрап жоголушуна алып келет***!”. Кандай гана таасын сөз! Биз муну азыркы учурда өз башыбыздан өткөрүп турабыз го тууpабы?

Билимдүү адам – биздин эң башкы байлыгыбыз. Ансыз ааламдашуу доорундагы адамзат болочогун элестетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, толук кандуу билимдүү жаштарды көргүбүз келсе, аларга дүйнөлүк стандарттын дэңгеелинде билим берүү системасындагы санариптик окутуунун жаңы шарттарын усулдарын колдонууга мүмкүнчулүктөр болуп турушу шарт. Бирок, аттиң дээрлик жогорку жана орто окуу жайларда баардык мүмкүнчүлүктөр толук кандуу камсыздалбагандыгы өкүндүрөт.

Биздин өлкөнүн калкынын 18 пайызын жаштар түзөт, башкача айтканда, бизде 14-28 жаштагы 1 млн 18 миң адам бар. Акын Жолон Мамытов “Ата Журт кыйын күнгө кабылганда, Айлансын ар бир уулуң чагылганга!” деп жазган экен. Ушундай эле тилекти Президентибиз Садыр Жапаров дагы андан ары улап: “Жаштар – элдин үмүтү жана ишеничи. Жаштар – эң негизги жана бөксөргүс байлыгыбыз” деп баса белгилеп келет.

Мамлекеттин жаштарга өзгөчө көңүл буруп, алардын келечегине кам көрүп жатканы бекеринен эмес. Жаштар – өлкөнүн башкы таянычы. Кыргызстандын бакубат келечеги – дени сак, акылы тунук, ар-намыстуу, улууну урматтап, кичүүнү сыйлай билген жаштардын колунда. Ошондуктан, аларга илгери үмүт байлап, чоң ишеним арта алабыз.

«Куш канаты менен учат – куйругу менен конот». Кыргызда ушундай бир накыл кеп бар. Анысы кандай, жарандык укук менен жарандык милдет – куштун кош канатындай ажырагыс түшүнүк. Демек, жарандарыбыз жалаң өздөрүнүн мыйзамдуу укуктарынын сакталышын эле талап кылбай, өздөрүнүн мамлекет жана коомчулук алдындагы милдеттерин да унутта калтырбашы керек. [24,25].(С.Иптаров Адеп)

Албетте, азыркы ааламдашуу доорунда жалпы адамзаттын өнүгүү жолунан четте калууга акыбыз жок. Бирок, биз ал көчкө өз жүзүбүз менен кошулууга тийишпиз. Башка

элдердин дагы жакшы жактарын, мыкты салттарын үйрөнүшүбүз керек, ансыз болбойт. Бирок, алар өйдө-төмөн сүрүлүп өгөйлөнбөй, биздин улуттук өзгөчөлүктөрүбүз менен баалуулуктарыбызга шайкеш келүүгө тийиш.

Бизге жалпы улуттук деңгээлдеги, калкыбыздын биримдигин, анын ар жаранынын жашоо маңызын аныктай алган идеялар керек. Бул – өтө татаал милдет, бирок чечүүгө болот. Бизде башкы бир идея болушу керек: кыргыз мамлекети кайсы жолдо, кандай шартта өнүгө алат деген. Мына ушул суроого туура жооп таба алсак, анда ошол жол улуттук өнүгүүнүн негизги чыйыры болуп саналат.

Адамдын жан дүйнөсү төрт алкактан турат экен: дил, дит, ниет, пейил.

Дил – жандүйнөнүн өзөгү. Дил ар бир адамга таандык ички дүйнөсүнүн деңгээли. Дилден чыккан нерсе баарынан күчтүү.

Дит – адамдын көңүлүнө тийиштүү сапат. Дит койгон адам окуянын, сөздүн, күчтүн тереңине жете алат.

Ниет – адам баласынын туруктуу ой жүгүртүүсүнө таасир берүүчү сезим жана адам баласынынын кыялына, жүрүм-турумуна багыт берүүчү күчтүү сезим алкагы.

Пейил – адамдын тууралыгында турган алкак. Адамдын тууралыгы – анын багытына, сезим-туюмуна, жашоо кабылдоосуна негиз түзчү алкак.

Пейил тарыса, ниет бузулат, ниет бузулса, дил караят, дил карайса, адам кырсыктайт. Ар адамдын жолунда тоскоол болбой койбойт. Тоскоолго кез болгондо багынып бербей, үмүттүү жашаса, кыйынчылыкты чындап жеңет: пейилиң кенен болсун, ниетиң таза болсун, ишиң илгери болсун..3(“Куттуу эл”) Сүйүнбек Касмамбетов.) деген сөздөр, баталар бекеринен жөн кана кургак айтылган сөз эмес экендигин жакшылап тындайлы.

Жогоруда айтылган агалардын нарк казынасын ачып кутуу баяндарын таратып берип атканы элибизге кут түшүп кут каптаганы эмесби. Калкыбыз кадырды билсек,жоомарттык менен мамиле кылсак , адамкерчиликтүүлүктүн жогорку чегинде бала тарбиясын жүргүзсөк

Алтын доордун астанасын баскан болобуз.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1 бөлүк. – Бишкек, 1996-ж.3. мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.
2. А.А. Акматова Кыргыз этнопедагогикасы жана анын калыптанышы – 1-4б
3. Кыргыз этнопедагогикасы. 1 бөлүк. – Бишкек, 1996-ж.
4. Г.И.Волков Этнопедагогика. – Чебаксары , 2001. – 22-б
5. Х.Анаркулов. Кыргыз эл оюндары. – Ф.:1981,ISBN-10(13):5-65500669-3
6. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Кыргыз педагогикасы
7. Бекбоев И.Б – Кыргыз педагогикасы-кыргыз улутунун жүзү. – Бишкек, 2010 окуу куралы) – Б., 2004, – 4.
8. Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. кыргыз тарыхы: кыскача энциклопедиялык сөздүк: Мектеп окуучулары үчүн.
9. Кыргыз Совет Энциклопедиясы: 6 томдук/Башкы редактор Орузбаева Б.
10. “Манас” энциклопедиясы/мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.
11. С.Иптаров “Жан азыгы” китеби 2014ж. – 65б.
12. С.Байгазиев “Улуу Манас батыр-урпактардын патриоттук идеалы” – 2 – 18б.
13. Абсаттаров Р.Б., Садыков Т.С. Воспитание и культуры межнационального общения студентов: теория и практика

Рецензент: доктор педагогических наук, профессор Сартбекова Н.К.